# ГЕОГРАФИЯ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТУРИЗМ ФАКУЛЬТЕТИ

## ФАКУЛЬТЕТТЕГИ БАГЫТТАР

Факультетте эки баскычтуу система боюнча билим берүү жүргүзүлөт: Бакалавриат – 4 жыл (күндүзгү), 5 жыл (сырттан, дистанттык) окуу бөлүмү Магистратура – 2 жыл (күндүзгү), 2,5 жыл (сырттан, дистанттык) окуу бөлүмү. Факультетте «География», «Экология жана жаратылышты пайдалануу» жана «Туризм» багыттарында жогорку фундаменталдык билим берилет.

***«География» багытында* (520400)**

- ✓ Физикалык география;
- ✓ Экономикалык, социалдык жана саясий география;

**«Туризм»** *багытында* **(600200)**

- ✓ Туризм тармагында илим изилдөө иштери жана проектирлөө;
- ✓ Туристтик тейлөөнү жана туристтик оперейтингди уюштуруу технологиясы.

**«Экология жана жаратылышты пайдалануу»** *багытында* **(520800)**

- ✓ Геоэкология;
- ✓ Экология жана жаратылышты пайдалануу.

4 жылдык билимден кийин (бакалавриат) 75% тен жогорку рейтингтик баллга ээ болгондор магистратурага тереңирээк билим алууга төмөнкү багыттар жана профилдер боюнча кете алат:

***«География» багытында***

- ✓ Физикалык география;
- ✓ Экономикалык, социалдык жана саясий география;

**«Экология жана жаратылышты пайдалануу» *багытында***

- ✓ Экология;
- ✓ Экология жана жаратылышты пайдалануу;
- ✓ Геоэкология.

**«Туризм» *багытында***

- ✓ Туристтик тармакты уюштуруу жана башкаруу;
- ✓ Туристтик-географиялык изилддөөлордүн методикасы.

Факультетте орус, кыргыз тилдеринде лекциялар окулат.

Биздин дарек: 720000
Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары. Абдымомунов көч. № 328
География, экология жана туризм факультети
тел. (0312) 34 02 43, 34 02 09

## ФАКУЛЬТЕТТЕГИ ПРАКТИКАЛАР

Дарсканалык сабактарда өздөштүрүлгөн теориалык билимин практика жүзүндө быштыкташ үчүн 1-2-курстарда Кегети капчыгайында, “Ала-Арча” мамлекеттик паркынын айгамында, Ысык-Көлдө жана башка областарда окуу-талаа жана зона аралык практикасы өтүлөт.




Ал эми 3-4-курстардын студентери өндүрүштүк практиканы корук табигый аймактарда, токой жана айлана чөйрөнү коргоо, гидрометеорология агенттиктеринде, токой чарба институтунда (жаратылыш парктары, метеорологиялык, сейсмикалык станцияларда, гидропостордо ж.б.) жана чарбаларда, (областык, райондук, айылдык ж.б.) мекемелерде өтөт. Өндүрүштүк практиканын учурунда студенттер курстук жана бүтүрүүчү квалификациялык иштерге материалдарды чогултушуп, керектүү маалыматтарды ала алышат.

Педагогикалык практикалар борбор калаанын мектептеринде өткөрүлүп турат. Жакшы жетишкендиктерге жана чет тилдеринде эркин сүйлөгөн студенттер окууну Германия, Турция, Румыния, Япония, КМШ, Россия, Польша, Кытай университеттеринде улантышат.

Жогоруда айтылган мамлекеттердин университеттери менен биздин факультеттин ортосунда түз келишим түзүлгөн. Айрым студенттер Кыргыз-Герман биргелешкен илимий долбоордун ичинде уюшулган экспедицияга катышуу менен өзүлөрүнүн өндүрүштүк практикасын өткөзө алышат.

Окутуучулук ишмердүүлүкө жаңы тажрыйбаларды киргизүү максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясы, республиканын илимий жана өндүрүштүк мекемелеринен ошондой эле Россиядан, Казакстандан, АКШдан, Германиядан окумуштуулар чакырылып турат. Факультетте жаш окумуштуу-педагогдор, илимпоздор умтулуу менен тажрыйба алып, факультеттин илимий жашоосунан жана келечекте өздөрүнүн мугалимдеринен татыктуу эстафетаны алууда.



Факультеттин студенттери жылына өтүлүүчү альпиниадага катышып “КРдин альпинисти” деген наам ала алышат.



## ФАКУЛЬТЕТТЕГИ МОБИЛДҮҮЛҮК

Жыл сайын студенттик мобилдүүлүк жолго салынууда. Жакынкы жана алыскы мамлекеттердин, ошондой эле өлкөбүздүн жогорку окуу жайларына мобилдүүлүк боюнча барышууда.

География, экология жана туризм факультети жакынкы жана алыскы чет мамлекеттердин университеттери менен илимий байланыштары бар. Анын ичинен факультетте КазМУ, Грайфсвальд, Гамбург, Берлин Эркин университети (Германия), Висконсин (АКШ), Университет имени Д.Кантемира (Румыния), Познань (Польша), Санкт-Петербург, МГУ (Россия) университеттери менен адистерди, студенттерди алмашуу боюнча келишим түзүлгөн.

## СТУДЕНТТЕРДИН ЖАШООСУ

Факультеттин студенттери илимий ишмердүүлүккө активдүү катышат. Кафедраларда илимий ийримдер өткөрүлүп, алдыңкы студенттер сыйлыктар менен сыйланат. Факультетте маданий иш чаралар, олимпиадалар, КВНдер, белгилүү инсандар менен жолугушуулар уюштурулуп турат. Көп иш чаралар жалпы университеттин деңгээлинде өткөрүлөт. Студенттердин окуу-талаа практикасы

республиканын жаратылыш зоналары боюнча өткөрүлүп, унутулгус саякаттар өзгөчө кызыгууну жаратат. Евразия университетинин ассоциациясынын чегиндеги мамлекеттик стандартка жооп берген жогорку квалификациалуу географтарды, экологдорду жана туризимологдорду даярдоо боюнча география, экология жана туризм факультети иш алып барат.